Неге сен?

Неге сен, неге сен жаш жүрөгүңдү кыйнадың.
Жазды күтүп кеч күздө, жан оорутуп ыйладың.
Бардыгы сен үчүн
Кабагыңды бүркөбөчү
Сага деп арналат,
Чыккан күн таң зардан.
Неге сен, неге сен өзүңдү өзүң сүйбөйсүң,
Карангыга жашынып, неге калдың адашып.
Бардыгы сен үчүн
Кабагыңды бүркөбөчү
Сага деп арналат,
Чыккан күн таң зардан.
Неге сен, неге сен — гүл өмүргө ишенбейсиң,
Тарчылыкка малынган тагдырды “ташбоор” дейсиң.
Убакыт термелет,
Термелип жан кейитет
Кайрымдуулук жашаган,
Жан дүйнөңө жылуулук бер!